**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЧҮЙ ОБЛУСУ ЫСЫК-АТА РАЙОНУ АК-КУДУК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АК-КУДУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-КУДУК АЙЫЛНОГО АЙМАКА АК-КУДУК**

## Т О К Т О М № 5/1-29

27-ноябрь 2024-жыл

Киров а.

Ак-Кудук айыл өкмөтүнүн үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатуу,эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасынын үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу,калктуу конуштарда үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндөрдү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү,ашыкча ысырапкорчулукка жол бербөө максатында Ак-Кудук айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Ак-Кудук айыл өкмөтүнүн жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатуу, эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобосу бекитилсин.

2.Ак-Кудук айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасынын үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын мааниси,зарылдыгы,максаты тууралуу айыл аймактын тургундарына кеңири маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

Төрага: Дж.Маванкуй

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЧҮЙ ОБЛУСУ ЫСЫК-АТА РАЙОНУ АК-КУДУК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АК-КУДУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ ЫСЫК-АТИНСКИЙРАЙОН АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-КУДУК АЙЫЛНОГО АЙМАКА АК-КУДУК**

## П О С Т А Н О В Л Е Н И Е №5/1-29

27 ноября 2024 года

с.Кировское

Об утверждении Положения о мерах по упорядочению семейных торжеств и поминальных обрядов Ак-Кудукского айыл окмоту

Во исполнение Указа Президента Кыргызской Республики №54 от 24.02.2022 года “О мерах по упорядочению семейных торжеств и поминальных обрядов Кыргызской Республики” в целях о недопустимости расточительства при проведении семейных поминальных обрядов,посвященных памяти усопших и иных семейных мероприятий айылный кенеш Ак-Кудук постановляет:

1.Утвердить разработанное рабочей группой Положения Ак-Кудукского айыл окмоту о мерах по упорядочению семейных торжеств и поминальных обрядов Ак-Кудукского айыл окмоту.

2.Ак-Кудукскому айыл окмоту провести широкую информационную разъяснительную работу с жителями айылного аймака о цели, значении и необходимости исполнения Указа Президента Кыргызской Республики “О мерах по упорядочению семейных торжеств и поминальных обрядов Кыргызской Республики” от 24 февраля 2022 года №54.

Председатель: Дж.Маванкуй

Ак-Кудук айылдык кеңешинин
2024-жылдын 27-ноябрынын
№5/1-29 сессиясы менен
бекитилген

## Ак-Кудук айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобо

1. Жалпы жоболор;
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби;
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби;
4. Өлгөндү эске алуу ырым-жарымдарын өткөрүүнүн тартиби;
5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссия жана кызмат адамдары.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан жана жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты Ак-Кудук айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

**2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби**

2.1. Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары жобо) иштеп чыгуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын буйругу менен жумушчу топтун курамы бекитилет. Жумушчу топтун курамы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлер кеңешинин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн түзүлөт.

2.2. Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык, шаардык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, айыл өкмөтүнүн, мэриянын, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын сайттарына жайгаштырылат.

Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлөт жана жергиликтүү кеңештин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын сайттарына жарыяланат.

2.4. Жобо ага кызыккан жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

**3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби**

3.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою, мааракe салтанаттары ж.б.кирет.

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар айыл аймактарда ысырапкорчулукка жол берилбестен, калыптанып калган жергиликтүү эрежелер тартип боюнча киргизилген чектөөлөрдү жана мал союу боюнча тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

**4. Маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Маркумду эскерүү ырым-жырымдарын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө мал союуга болбойт (тыюу салынат).

**5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү жергиликтүү комиссия жана кызмат адамдары**

5.1.Жергиликтүү комиссия жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында түзүлөт. Анын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, маданият мекемесинин, ардагерлердин, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, милициянын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү жана башкалар кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.2.Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эскерүү ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге баруусу менен түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, аза күтүүдөгү үй-бүлөнү жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.